**373.2**

# КЫРГЫЗСТАНДА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

Кадырова Турна.
Ош мамлекеттик педагогикалык университет.
Педагогика жана психология каф.
Улук окутуучу. 0702 350 018

# ПЕРСПЕКТИВЫ И РАЗВИТИЯ ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В НАСТОЯЩЕЕ ВРЕМЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

Кадырова Турна.
Ошский Государственный Педагогический Университет.
Кафедра педагогики и психологии.
Старший преподаватель. 0702 350 018

# PROSPECTS AND DEVELOPMENT OF PRESCHOOL EDUCATION CURRENTLY IN KYRGYZSTAN

Kadyrova Turna
Osh State Pedagogical University.
Department of Pedagogy and Psychology.
Senior lecturer.

## Аннотация.

Бул илимий макалада Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүүнүн маанисине жана милдеттерине басым жасалган. Биздин өлкөнүн мектепке чейинки билим берүүгө муктаждыгы жана алардын азыркы учурдагы абалы кандай болуп жаткандыгын баяндайт. Кыргызстанда бала бакчаларда балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү маселеси “ Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамда кандай каралгандыгына көңүлдү бурат. Макалада Кыргызстанда азыркы учурда мектепке чейинки билим берүү кантип өнүгүп жаткандыгына математикалык- статистикалык мисалдар менен аныктама берилген. Учурдагы проблемалары болгон бала бакчалардын жетишсиздиги жана тарбиячы педагогдорду даярдоо маселеси курч коюлуп жаткандыгы айтылат. Келечекте жана жакынкы жылдары бала бакчалар менен элдин камсыз болушу үчүн мамлекет тарабынан кандай кадамдар боло тургандыгы баяндалат. Ошондой эле мектепке чейинки балдарды дене, акыл- эс жана руханий жактан өнүктүрүү милдеттери каралган. Балдарды бала бакчада тарбиялоо менен окутуу, ойнотуу, эмгек ыктарына үйрөтүү маанилүү маселе катары каралган. Балдарды

мектепке чейинки билим берүүгө тартуунун иш чаралары жана милдеттери, ошондой эле компетенттүү адис педагогдорду даярдоо зарылдыгы көрсөтүлдү.

**Түйүндүү сөздөр :** мектепке чейинки билим берүү, балдар, педагогдор, тарбиялоо, өнүктүрүү, перспектива.

**Аннотация.**

В данной научной статье основное внимание уделено значению и задачам дошкольного образования в Кыргызской Республике. В нем рассказывается о том, какова потребность нашей страны в дошкольном образовании и какова их текущая ситуация. Обращает внимание на то, как в Кыргызстане вопрос воспитания и развития детей в детских садах предусмотрен законом “ Об образовании”. В статье дается информации, как в настоящее время развивается дошкольное образование в Кыргызстане, даны математически - статистические примери. Отмечается, что остро встает вопрос нехватки детских садов и подготовки педагогов-воспитателей, имеющих существующие проблемы. Будут описаны шаги, предпринятые государством для обеспечения населения детскими садами в будущем и в ближайшие годы. Также предусмотрены задачи физического, умственного и духовного развития дошкольников. Обучение детей навыкам обучения, игры, труда с воспитанием в детском саду рассматривается как важная задача. Указаны мероприятия и задачи привлечения детей к дошкольному образованию, а также необходимость подготовки компетентных педагогов-специалистов.

**Ключевые слова:** дошкольное образование, дети, педагоги, воспитание, развитие, перспектива.

**Annotation.**

This scientific article focuses on the importance and objectives of preschool education in the Kyrgyz Republic. It tells us what our country's need for preschool education is and what their current situation is. He draws attention to how in Kyrgyzstan the issue of upbringing and development of children in kindergartens is provided for by the law “On Education”. The article provides information on how preschool education is currently developing in Kyrgyzstan, and provides mathematical and statistical examples. It is noted that the issue of the shortage of kindergartens and the training of educators with existing problems is acute. The steps taken by the State to provide kindergartens to the population in the future and in the coming years will be described. The tasks of physical, mental and spiritual development of preschoolers are also provided. Teaching children the skills of learning, playing, and working with kindergarten education is considered an important task. The activities and tasks of attracting children to preschool education are indicated, as well as the need to train competent specialist teachers.

**Keywords:** preschool education, children, teachers, upbringing, development, perspective.

Биздин мамлекет өзүнүн эртеңкисин жана келечегин жаш муундарга таалим – тарбия, билим берүүдөн гана көрө алат.Ар нерсенин өз башаты болгон сыяктуу билим берүүнүн да башаты мектепке чейинки билим берүү болуп эсептелет. Канчалаган жылдар бою бала бакча, мектептин жана кесиптик билим берүүнүн реформалары болуп келди. Элдин, мамлекеттин аракетине карабастан, билим берүү системасында азыраак өзгөрүүлөр бар, бирок билимдин сапаты азыркы техника, технологиянын талабына анча жооп бербей жаткандыгы басма материалдарында айтылып келүүдө. Анын себептерин айта турган болсок, билим берүү мекемелеринин жетишсиздиги, адистердин жетпей жаткандыгы жана материалдык- техникалык камсыз болуу жактары да канааттандырбаганы айдан- ачык көрүнүп турат. Анын ичинде мектепке чейинки билим берүүнүн коомдун талабына, элдин муктаждыгына дал келбей, ата- энелердин да көйгөйү болуп келди. Ошондуктан, бала бакчаларды көбөйтүү жана мектепке чейинки билимдүү тарбиячыларды даярдоо элдин керектөөсүн канааттандырып, балдар болсо мектептеги окууга жакшы даярдык менен барып, ийгиликтүү окумакчы.

Кайсы гана өлкө болбосун анын өнүгүү деңгээли калктын чабал катмарына, анын ичинде балдарга жасаган камкордугуна, өзгөчө аларга жеткилең билим жана таалим – тарбия берүү берүү деңгээлине жараша бааланат. Биз үчүн адамзаттын эң аялуу чүрпөсүн бактылуу балалыктын сезимдеринен ажыратпай камкордук кылуу мамлекеттин башкы милдеттеринин бири бойдон калууга тийиш. Балдардын татыктуу таалим- тарбия, жетиштүү билим алуусуна, өз келечегине ишенимдүү карап, илгери үмүт байлоосуна кеңири жол ачылышы зарыл. Статистикалык комитеттин 2022- жылдагы калк санагына караганда мектеп жашына чейинки балдардын саны 2 миллиондон ашык деп берилген**.**

Азыркы учурда өлкө аймагындагы 1712 бала бакчада 200 миң бала тарбияланып жатат. Анын ичинде 1500 –мамлекеттик, 212–жеке менчик балдар бакчалары иштөөдө**. [ 1.]** Мурунку мезгилдерде балдарга жеткилең билим берүү менен бирге, татыктуу таалим- тарбия ишине да көп көңүл бурулуп келген. Азыркы шартты карап көрсөк, мурунку талаптар алда канча өзгөрдү. Аны мамлекеттик документтерден жана илим изилдөөчү педагог- психологдордун эмгектеринен табабыз. 2023- жылдын июнь айында Билим берүү тармагын реформалоо боюнча жаңы Концепция кабыл алынган. Ошондой эле “ Билим берүү жөнүндө” мыйзамдын жаңы редакциясы өз ишин баштады. Анда, бардык билим берүү тутумдары, анын ичинен “ Мектепке чейинки билим берүү” жөнүндөгү мыйзам да күчүнө кирди. Мыйзам билим берүү сапатын жакшыртуу, заман талабына жооп берген жана атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды калыптандыруу үчүн билим берүү тармагында тийиштүү кайра курууларды жүргүзүү максатында кабыл алынган. Ал эми билим берүү

системасынын алдында аны жүзөгө ашыруунун жолдорун иштеп чыгуу милдети турат. Бул милдеттерди жүзөгө ашырууда адистерди сапаттуу даярдоо, компетенттүү тарбиячы-педагогдорду калыптандыруу окуу жайларды милдеттендирип жатат. Мектепке чейинки билим берүүдө учурдагы педагог тарбиялоо – билим берүү процессин гумандуулук мамилелердин негизинде ишке ашырып, ар бир баланын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алып, мектепке чейинки курактагы бакубат баланын бүтүндөй өнүгүүсүнө жардам бериши керек. **[2,5-б.]** Ошондуктан жаш адис педагогдорду өз доорунун талабына ылайык илим- билимдүү, таалим- тарбиялуу, эскини танбай, жаңыга зирек караган, өз алдынча ой калчап креативдүү ойлоно алган жаш муундун камын көрүү зарыл.

Сабаттуу, жогорку кесипкөй адистер болбосо, экономикалык туруктуу, бакубат мамлекет курууга мүмкүн эмес. Билим гана ар кайсы жердеги этноско, маданиятка ээ адамдардын башын кошо алат. Балдарга билим берүү менен тарбия иштери куш канатындай жуп нерсе, алар бири- биринен ажырым каралбоого тийиш. Мындай салттуу таалим- тарбия башаты социалдык чөйрөгө аралашуу көндүмдөрү мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин күнүмдүк ырааттуу иштеринде ийгиликтүү ишке ашат. Ошентсе да азыркы заман мезгилинде оор маселелер арбын. Жаш балдарга кам көрүү маселесинде көйгөйлөр көп. Аларды карап көрсөк, мектепке чейинки билим берүү кызматынын сапатын жогорулатуу менен – инновациялык өнүгүүнүн жана социалдык бакубаттуулуктун негизи түзүлмөкчү. Биздин мамлекеттин максаты – бардык балдар билим алып, сабаттуулуктан көйгөйлөрдү чечүүгө жана кызматташууга чейин өзгөрүлүп жаткан дүйнөгө жетүү үчүн бардык жөндөмдөрдү жана компетенттүүлүктү өнүктүрүү керек. Азыр мамлекеттин, анын жарандарынын алдында өзүнүн жана өлкөнүн келечек тагдырын оң багытка буруунун, даңгыр жолго салуунун тарыхый мезгили келип жетти. [4,7-б.]

Мектепке чейинки балдарды тарбиялоо маселелеринин теориясын жана практикасын өнүктүрүү, ошондой эле балдарды тарбиялоону элдик педагогика менен байланыштыруу зарылдыгы азыркы коомдо маанилүү милдет болуп эсептелет. Бул мезгилге чейин эле тарбиялоону бала төрөлгөндөн баштоо керек деген көз караштар жана баланы 7 жашка чейин туура тарбиялоо деген, анын кийинки өсүп- өнүгүүсүнүн фундаменти болорун илимий изилдөөлөр тастыктады. Мектепке чейинки балдарды дене, акыл-эс жана руханий жактан жалпы өнүгүүсү мектепке окууга барууга даярдоочу эң маанилүү этап боло тургандыгы ата- энелерге да, педагогдорго да маалым. Ошондуктан балдар мектепке жакшы өнүккөн дене, акыл – эс менен баргандыгы, баланын андан ары өсүп –өнүгүп жана ийгиликтүү окуп кетүүсүнө зарыл шарт болмокчу. Мындай ийгиликти жаратууда бала бакчаларга артыкчылык берилет. Анткени коомдук шартта балдарга өнүгүүгө, иштөөгө, ойноого жана өз теңтуштары менен системалуу түрдө пикир алмашууга шарттарды түзөт.

Балдарды бири – бирине туура мамиле жасоого, биримдикке, бирдей кызыкчылыктарга баш ийүүгө, тартипке салуу жактары бала бакчалардын милдеттери болуп саналат. **[3, 207-б.]**

Балдарды мектепке чейинки билим берүү тармагына толук тартуу маселеси ушул кезге чейин жакшы деңгээлде чечилбей келет.Бир жагынан, балдарды мектепке даярдоо маселесин жеке менчик кыска курстарды ачуу аркылуу чечүү аракеттери болгон. Бирок, көйгөйдүн мындай жарым- жартылай чаралар аркылуу бир жаңсыл чечилиши кыйын. Биринчиден, даярдоо курстары көбүнчө райондордун борборлору менен шаарларда гана иштейт. Ал эми алардын элет жерлеринде ачылышы финансылык жактан өзүн актабай калары бышык. Экинчиден, балдарын даярдоо курстарына берүүгө бардык эле ата-энелердин чөнтөгү жука, шарты жок. Үчүнчүдөн, аларда кимдер, кандайча сабак берет – деген суроо жаралат. Эң негизгиси, мектепке чейинки мекемелеринен билим, тарбия албай балдар мектепке барганда өзү курдуу балдардан артта калышат. Иликтөөлөргө караганда ушул жылдары балдардын 25 пайыздан бир аз ашууну гана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине барат. Мындайча айтканда болжол менен бир жаштан жети жашка чейинки 1 млн 120 миң баланын ичинен 200 миң гана бала бакчага тартылган. Демек, ортодо дагы кеминде 900 миң бала коомдук тарбия албай, социалдык өнүгүүдөн артта калууда. Андан тышкары ички жана тышкы миграциялык көйгөйлөрдүн айынан бир топ балдар ата- эненин кароосунан өксүп келет.

Ошондой эле, жергиликтүү бюджеттер бала бакчалардын чыгымын толук жабышы кыйын болуп жатат. Балдарын мектепке чейинки мекемелерге берген үй- бүлөлөрдүн күнүмдүк кирешеси дагы жалпы чыгымдын ордун толтура албагандыгын турмуш тажрыйбадан көрүүгө болот. “ Балжууран балалык” деп айтылгандай, чынында эле балдар – мамлекеттин, элдин келечеги. Эли- журттун эң аялуу, эң баалуу, келечегинен үмүт арткан нерсеси- бала эмеспи. Өзгөчө азыркы шартта алар биздин колдообузга да, коргообузга да өтө муктаж. Чындыгында учурда көп жагынан көздөгөн максаттарга жетишпей жатабыз. Бала бакчалардын жетишсиздиги, адистердин да компетенттүү болушу талапка толук жооп берет деп айтууга болбойт. Анткени жакынкы 10 жылдар мурун мектеп мугалимдери мектепке чейинки мекемелерге жумушка кирип, иштеп келе жатышат жана адистик билимди өзгөртүп, сырттан окуу формасында гана билим алышкадыгы чындык. Ошого карабастан, адамзаттын эң аялуу чүрпөсүн бактылуу балалыктын баео дүйнөсүнөн ажыратпай асыроо – бүткүл коомчулуктун башкы милдети болуп саналат. Балдардын татыктуу таалим- тарбия, жетиштүү билим алуусуна, өз келечегине ишенимдүү карап, келечегинен чоң үмүттөрдү , кыялдардын артышына кеңирижол ачылышы зарыл. 2023-жылы Министрлер кабинетинин төрагасынын өлкө аймагында бала бакчаларды ачуу жол – жоболорун жөнөкөйлөштүрүүгө жана аларды андан ары өнүктүрүүгө багытталган чечими

чыккан. Анткени бала бакча жана мектеп маселеси бардык аймактарда, айрыкча акыркы отуз жыл аралыгында ички жана тышкы миграциянын чордонуна айланган ордо калаа менен облус аймактарынын борборлорунда башкы көйгөйлөрүнө айланган. Бул жерлерде мектепке чейинки билим берүүнүн социалдык жана материалдык көйгөйлөрү арбыган. Ошого карабастан мамлекетибиз балдарды мектепке чейинки мезгилиндеги тарбия жана билим алуусуна камкордук кылуусун улантып жатат. Билим берүү жана илим министрлиги менчиктин түрүнө карабай, балдарды эрте куракта өнүктүрүүгө багытталган бардык демилгелерди колдоону жана кубаттоону сунуш кылууда.Анткени балдарды мүмкүн болушунча эрте өнүктүрүү- артыкчылыктуу, өтө маанилүү милдет. Балдарды бала бакчаларда эрте өнүктүрүүнүн багыттарын иштеп чыгуу керек. Анализдеп көрсөк, учурда дүйнөлүк банктын колдоосу менен жергиликтүү шарттарга ыңгайлаштырылган кыска мөөнөттүү коомдук бала бакчалар уюштурулуп жатат, аны өкмөттүк акселераторлор программасынын долбоорунун алкагында жеке бала бакчалар ачылып иштеп жатат. Балдарды кароого инвестициялоо балдарга, аялдарга, үй- бүлөгө жана экономикага олуттуу пайда алып келет. Балдарга сапаттуу кам көрүү жана узак мөөнөттүү билим берүү экономикалык пайда алып келет, анын ичинде жаңы жумуш орундарын түзүүгө болот.

Балдарга коомдук тарбия берүүнүн максаты – энелердин экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Бул максатты ишке ашыруу үчүн 2 милдетти чечүү керек. Биринчиден, балдардын мектепке чейинки билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү. Экинчиден, мектепке чейинки билим берүү тармагы боюнча аялдардын ишкердик көндүмдөрүн өнүктүрүү. Ишке ашыруу үчүн күтүлүүчү натыйжалар булар: бала бакчаларга жаңылыктарды киргизүү, айыл жергесинде жетишсиз жерлерге жаңы бала бакчаларды куруу жана жерлерде мугалимдерди, ата- энелерди, тарбиячыларды жана камкорчулар кеңешинин мүчөлөрүн окутуу, аларга бала бакча курагындагы балдардын өнүгүүсүнүн маанилүүлүгү боюнча тренингдер өтүлсө жакшы. [4,5-б.]

Мектепке чейинки билим берүүнүн учурдагы кемчилдиктерин айтып отура бербестен, замандын талабына ылайык тарбия берүүнү жакшы жолго коюу керек. Атап айтканда, азыркы ааламдашуу мезгилинде мектеп жашына чейинки балдарды бүткүл адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоонун милдеттери өтө актуалдуу маселе болууга тийиш. Анткени жаш балдарды тарбиялоонун фундаменти адамзаттык баалуулуктарга негизделбесе, анда аларды чоңойгон өспүрүм кезинде эч кандай баалуу нерселерди улуттук жана дүйнөлүк масштабда көрө алышпайт – деп көрүнүктүү илимпоздордун пикиринен жана турмуштан байкоого болот. Ошондуктан мектепке чейинки балдарды эрте жашынан баштап адамзаттык баалуулуктарды негиз кылуу менен тарбиялоо зарылдыгы келип чыгат. Мурунку мезгилде жаш балдарды тарбиялоонун

саналуу милдеттери жана окутуу маселесине терең кароо маанилүү эле. Баалуулуктар баса белгиленбей келген болчу. Учурдун талабы болсо, балдарды мектепке чейинки жашынан баштап адамзаттын жашоосунун баалуулуктарынын негизинде окутуу- тарбиялоо ишин жүргүзүүнү талап кылууда. Акыркы он жылдыкта элдин тарыхый баалуулуктарын калыбына келтирүү максатында билим берүүнүн мазмунунда билим берүүнүн бутактары катары этно- маданий баалуулуктарга жакшы көңүл буруу керектигин Б.С.Гершунский, Г.Ф.Хасанова баса белгилеп келишүүдө. Биздин мамлекеттик программада мектепке чейинки билим берүү жаатында ушул маселе ачык- даана көрсөтүлбөй келет. Чындыгында анализдеп көрсөк балдарды интеллектуалдык жактан жана креативдик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө басым жасалууда. Бул милдеттер да учурдун талабы, анткени балдарды эрте өнүктүрүү зарылдыгы өтө зарыл, бирок балдарды бала бакча жашынан баштап адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоо менен биз алардын инсандык сапаттарын, башкача айтканада адамдык нарк- насилин калыптандырабыз.

Азыркы балдар – келечекке, дүйнөнү, адамды жана табиятты таанууга багыт алган кичинекей жарандар. Азыркы баланын ички резервдери ишмердиктин ар кандай түрлөрүндө: оюнда, музыкада, эмгекте, көркөм өнөрдө, изилдөөдө ачылат. Кандай болгон учурда да балдардын дүйнө таанымын, жалпы өнүгүүсүн чоң адамдардын, айрыкча педагогдордун көзөмөлүндө жана максаттуу окутуу процессин уюштуруу менен тарбиялык иштерди жүргүзүү зарылчылыгы актуалдуу бойдон кала бермекчи. Мектепке чейинки балдарга билим берүү баалуулуктарга багытталбай жана айлана- чөйрөдө болуп жаткан баалуулуктарга үйрөтпөстөн жүргүзүү мүмкүн эмес. Мына ошол адамзаттык баалуулуктартарды анализдеп көргөндөн кийин, төмөнкүдөй багыттарын аныктап карап көрөлү.

1. **Жалпы планетардык баалуулуктар**. Ал канчалаган кылымдар бою социалдык турмуштан келип чыккан десек болот. Мисалы: Адам, жашоо –турмуш, үй- бүлө, эмгек, Ата- Мекен, билим, илим. [ 5.[ Мындай баалуулуктар жалпы адамзатка тиешелүү болуп эсептелет. Ошондуктан мектепке чейинки балдарга билим, тарбия берүүдө ушул негизги аныктамаларга таянуу менен иш жүргүзүү керек.
2. Ошондой эле мамлекетте кандайдыр бир түпкү элдин жашоосун чагылдырган баалуулукту – **этно – маданий** деп атаса болот.Мындагы баалуулук улуттун үрп- адатын, тилинин өзгөчөлүгүн жана жаратылыш шартын баяндап берет. Мисалы: мектепке чейинки балдарга кыргыз элинин көрүнүктүү жазуучулары, акындары, композиторлору, сүрөтчүлөрдүн чыгармалары, кол өнөрчүлүк – булар кыргыз элинин улуттук баалуулуктары болуп саналат.

3. Баалуулук **жеке инсандык** категория катары түшүнүк берип, бул тез өзгөрмөлүүлүгү менен мүнөздөлүп, мектепке чейинки балалык мезгилге туура келет. Балдардын жашоо турмушунда баалуулуктар кабыл алынып, анын акыл- эсине, түшүнүгүнө тамыр ала баштайт. Жогорудагы баалуулуктар балдарга кандайча үйрөтүлөт деген суроо туулат. Адамзаттык баалуулуктар боюнча бала бакчанын балдарына бардык эле педагогикалык процессте иш жүзүнө ашырса болот.

Билим берүүдө балдардын жаштык куурактарына ылайыктап тандоо маанилүү. Атап айтканда – жалпы адамзаттык маданиятты өздөштүрүү, руханий үрп- адаттарды үйрөнүүгө багыттоо, коомдун тарыхына жана кандайдыр бир улуттук багытта жүргүзүү;

- гумандуулук багыттарына көңүл буруу;
- сандык жактан чектөө.

Мектепке чейинки балдарга баалуулуктарга багытталган билим берүүнүн мазмуну төмөнкүлөрдү өз ичинде камтууга тийиш: Адам жана анын жашоо турмушу, Үй – бүлөө, эмгек, билим, Ата – Мекен, искусство, тынчтык **[3,207-б.].** Бала бакчаларда тарбия берүүнүн Программасын карап көргөндө жаратылыш, туулган жер, Кыргызстан, үй- бүлөө жөнүндө темалар камтылган. Ал эми улуттук каада- салт, үрп – адаттар жөнүндө этномаданий түшүнүктөрдү калыптандырууга көңүл бурулушу зарыл.

**Жыйынтыктап айтканда,** бул макаланын темасы боюнча адабияттардан, басма материалдарынан изилдөө менен жана бала бакчанын жетекчилери менен аңгемелешүүдөн кийин төмөнкүдөй тыянакты чыгарса болот. Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү, мектепте билим берүү сыяктуу эле өнүгүп, өзгөрүү менен бирге эле чечиле турган бир канча маселелери жана көйгөйлөрү бар. Аларды атап айта турган болсок, бала бакчалардын аздыгына байланыштуу, балдардын 75 пайызы мектепке чейинки билим албастан, мектептеги окууга даярдыксыз барып жаткандыгы анык. Ошондой эле бала бакчага барбаган балдар 1- класска барганда барган балдардан окуу, жазуу, эсептөө, көркөм өнөр ж.б. сыяктуу предметтерден артта калышып , окууда кыйналгандыгын билсек болот. Мектепке чейинки билим берүү боюнча да тарбиячылардын жетишсиздигин маалымат каражаттарында айтылып жатат. Анткени жогорку окуу жайларында мектепке чейинки билим берүү адистигине студенттер аз тапшыргандыктан, университеттин кээ бир курстарында тайпалар кабыл алынган эмес, анткени бүтүрүүчүлөргө бала бакчада жумуш жок болуп калууда. Ошондуктан мамлекет тарабынан мектепке чейинки мекемелерди көбөйтүү пландалган жана жеке менчик бала бакчаларын 2023- 2024- жылдары 500 дөн ашуун ачууга уруксат берилип жатат. Мектепке чейинки мекемелерде балдарды тарбиялоо жана билим берүү маселелеринде бүткүл адамзаттык баалуулуктардын негизине таянуу зарыл милдет болуп саналат.

**Колдонуучу адабияттар:**


1. “ Кут билим” гезити. 13.10.2023ж.
2. 3 төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “Балалык” Программасы”   Б.:. 2017ж.
3. Болотина Л.Р.  Дошкольная педагогика. М. Юрайт. 2020г.
4. “ Кут билим”  гезити.  3.11.23ж
5. Ешкова Н.С. Дошкольная педагогика. М. Юрайт. 2020г.
6. 3 төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “ Балалык” Программасы”   Б.: 2017ж.
7. Исаева А.А.  Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн колдонмо. Б.: 2014ж.
8. Усенко Л.В,  Сейдекулова К.С. “ Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн базистик программасы”  Б.: 2004ж.
9. Исакова Ф.Б. Төрөлгөндөн 3 жашка чейинки балдарды эрте өнүктүрүү боюнча программа.  Б.:2017ж.